**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу “Эко Оператор” мамлекеттик ишканасын түзүү жөнүндө**

Калдыктарды башкаруу системасын туруктуу өнүктүрүү жана утилдештирүү жыйымдарынын финансылык каражаттарын натыйжалуу пайдалануу максатында, “Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 29, 30-беренелерине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17, 26-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу “Эко Оператор” мамлекеттик ишканасы (мындан ары – “Эко Оператор” МИ) түзүлсүн.

2. “Эко Оператор” МИ өндүрүүчүлөрдүн кеңейтилген жоопкерчилиги оператору (ӨКЖ) болуп аныкталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы № 468 “Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү тууралуу” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– $5^2$-пункт “Чоң-Алайкөмүр”,” деген сөздөрдөн кийин “Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу “Эко Оператор”,” деген сөздөр менен толукталсын.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарына жана жергиликтүү өз

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарынын тизмесинде:

– 17-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 14-пунктча менен толукталсын:

“14) “Эко Оператор” МИнин уставын”.”.

5. Бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн “Эко Оператор” МИнин жетекчиси Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министри тарабынан кызмат ордуна дайындалат жана кызмат ордунан бошотулат деп белгиленсин.

6. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги:

– “Эко Оператор” МИнин уюштуруучусу катары чыксын;

– “Эко Оператор” МИнин иш тартибин аныктасын жана уюштурсун;

– Байкоочу кеңешти түзсүн жана “Эко Оператор” МИнин ишин контролдоо боюнча анын ишинин тартибин аныктасын;

– бул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

7. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине “Эко Оператор” МИни мамлекеттик каттоого көмөк көрсөтсүн.

8. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

9. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.А. Касымалиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН


Кол койгон: Касымалиев А.А., 09.06.2025

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**О создании государственного предприятия «Эко Оператор» при Министерстве природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики**

В целях устойчивого развития системы управления отходами и эффективного использования финансовых средств утилизационного сбора, в соответствии со статьями 29, 30 Закона Кыргызской Республики «Об отходах производства и потребления», статьями 13, 17, 26 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Создать государственное предприятие «Эко Оператор» при Министерстве природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики (далее – ГП «Эко Оператор»).
2. Определить ГП «Эко Оператор» оператором расширенной ответственности производителей (РОП).
3. Внести в постановление Правительства Кыргызской Республики «Об упорядочении деятельности государственных предприятий» от 11 сентября 2019 года № 468 следующее изменение:

– пункт $5^2$ после слов «на государственные предприятия «Чон-Алайкомур»,» дополнить словами ««Эко Оператор» при Министерстве природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики,».

4. Внести в постановление Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года № 115 следующее изменение:

в списке отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики, делегируемых государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления Кыргызской Республики, утвержденном вышеуказанным постановлением:

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

– пункт 17 дополнить подпунктом 14 следующего содержания:

«14) устава ГП «Эко Оператор».».

5. Установить, что руководитель ГП «Эко Оператор», указанного в пункте 1 настоящего постановления, назначается на должность и освобождается от должности министром природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики.

6. Министерству природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики:

– выступить учредителем ГП «Эко Оператор»;

– определить и организовать порядок деятельности ГП «Эко Оператор»;

– создать Наблюдательный совет и определить порядок его работы по контролю деятельности ГП «Эко Оператор»;

– принять иные меры, вытекающие из настоящего постановления.

7. Министерству юстиции Кыргызской Республики оказать содействие Министерству природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики в государственной регистрации ГП «Эко Оператор».

8. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

9. Настоящее постановление вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**Председатель**
**Кабинета Министров**
**Кыргызской Республики** **А.А. Касымалиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН